

# Аалы Токомбаев



Аалы Токомбаев (Балка) 1904-жылы Чүй өрөөнүндөгү Кемин районуна караштуу Кайыңды айылында туулган. Расмий документтерде туулган күнү 7-ноябрь аталып жүрөт. Чынында, жазуучу өз эскерүүлөрүндө жаңы совет доорунун башталышын билдирген бул Октябрь революциясынын күнүн өзүнүн жаңы жашоосунун башталыш белгиси катары туулган күн деп белгилеп алган.



Аалынын энеси Уулбала сөзмөр, элдик оозеки чыгармаларын, уламыш-жомокторду, кошок-армандарды өтө жакшы айта билген аял болгон. Аалынын адабиятка болгон шыгы дал ошол энесинин айтып берген түркүн жомок-ырларынын таасири менен калыптанган.

1916-жылы үркүндө Аалы да үй-бүлөсү менен Кытай жерине качып барган. Ал жактагы азган-тозгон элдин көбү ачкачылыктан, жайылып кеткен келте оорусунан кырылып калганда, Аалы Токомбаевдин да беш бир тууганы каза болгон.

Жыл айланып, Аалы эл менен кошо өз жерине кайра кайтат. Жолдо келе жатып Кочкордо атасы Токомбайдан, көп узабай энеси Уулбаладан ажырайт. Тоголок жетим калган болочок жазуучу, көрүңгөндүн эшигин кагып, кайыр сурап күн көрөт.

1922-жылы Ташкенттеги советтик партиялык мектепке кабыл алынат. 1923–1927-жылдары Ленин атындагы Орто Азиялык Коммунисттик университетте окуйт. Аалы Токомбаев өмүрлүк жубайы Зейнеп Сатбаева менен 1926-жылы Ташкен шаарында Орто Азия коммунисттик университетинде окуп жүрүшкөндө баш кошушкан. Алар төрт балалуу болушкан.



Акындын "Ленин тууралуу" деп аталган биринчи ырлар жыйнагы 1927-жылы Ташкентте басылып, 1936-жылы кайра оңдолуп, толукталып "Ленин" деген ат менен экинчи жолу жарык көргөн.
Аалы Токтомбаев улутчул, Япониянын пайдасына иштеген чыккынчы деген жалган жалаа менен өз заманынын көптөгөн сабаттуу, алдыңкы адамдары менен катар 1937-жылы камакка алынып, 1939-жылы гана бошотулган. Ошол кезде акындын түрмөгө чейинки бардык чыгармалары жок кылынып кеткен.



Акын жана жазуучу Аалы Токтомбаев 1988-жылы 84 жаш курагында каза болгон.

Жазуучунун кичүү уулу Улан Токомбаев өз атасынын жолун жолдоп, колуна калем кармап ыр жазып, драматург, сценарист катары да таанылган.